**«Манас жана анын чоролорунун мекенчилдиги»**

*10-11-класстар үчүн класстык саат*

***Сабактын максаты:***

а) Манас жана анын чоролорунун жасаган иш-аракеттери, максаттары мүнөздөрү, боюнча билген билимдерин системалаштыруу, билгичтикке машыктыруу.

б) Мекенди, элди сүйүүгө, өз элинин патриоту болууга тарбиялоо.

в) коомдук активдүүлүгүн өстүрүү.

***Сабактын тиби:*** аралаш.

***Сабактын ыкмасы:*** изденүү, изилдөөчүлүк

***Предмет аралык байланыш:*** кыргыз тили, тарых, география, сүрөт.

***Сабактын жабдылышы:*** окуу куралдары, буклеттер, сүрөттөр, «Манас» эпосу 1- 2 китеп, Кыргызстандын белгилүү жаштарынын сүрөттөрү.

***Сабактын жүрүшү:***

**1. Уюштуруу.**

Тактага тема жазылган.

«Манас» эпосу боюнча тартылган сүрөттөр, буклеттер тактанын оң жагына жайгаштырылат.Окуучуларга сабактын темасы, максаты, жүрүшү жөнүндө мугалим түшүндүрүп өтөт.

«Көкжал Манас турганда,
Жалтансак кудай урбайбы.
Арстан Манас баатырдын,
Аркасынан жүрөлү,
Атышкан жоосун сүрөлү»,-дешет.

**Акбалта:** «Кабылан Манас өзүңө,
Караан болуп турбасам.
Акбалта атым өчпөйбү,
Башымдан сыймык кетпейби»,-дейт.

Кошой карыя:
«Алтайдан Манас табылды,
Абийирим минтип жабылды», деген экен.

Демек, Манас ак иши менен тегерегиндегилерге, үзөнгүлөш, тагдырлаш чоролоруна ушунчалык берилгендигин бул үзүндүлөр айгинелейт.

Чоң казатта чоролорунан айрылып, Таласка келгенде:

«Төбөлөп келген калмактан,
Намысты кайрып мен алдым.
Эл намысы деп жүрүп,
Кабыландын баарысын,
Мен каканчыга алдырдым»,

- деген арманы сай-сөөктү сыздатат. Манастын эң негизги эмгеги өз тегерегине күчтүү чоролорду топтоп, душмандарды талкалагандыгы үчүн кыргыз эли аман калып, эл болуп биригип, Ала-Тоону мекендешет.

**2.** Саякбай Каралаевдин айтуусунда «Чоң казаттан» үзүндү уктурулат. (Окуучулардын активдүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн сабакка кызыгуусун арттыруу максатында)

**3.** Окуучулар топторго бөлүнөт (өз каалооолору менен).

1-топ «Билим»

2-топ «Акыл»

3-топ «Чечен»

4-топ «Сүрөтчүлөр»

5-топ «Өнөр»

Мугалим ар бир топтун тапшырмаларын түшүндүрүп өтөт.Бул тапшырмалар окуучуларга өткөн сабакта берилген.

**Тапшырмалар:**

«Билим» тобу «Манас анын чоролору»-деген темада изденүү менен чыгармачыл иш даярдашат.

1. Манасты анын чоролорсуз элестетүү мүмкүн эмес.Алар бири-бирин толуктап турат.

«Акыл» тобу Манас анын чоролорунун айырмачылыктарын, окшоштуктарын изилдешет.

2. «Чечендер» тобуна ар бир баатырдын эң негизги касиеттерин эпостогу көркөм сөз каражаттары менен ачып берүү тапшырмасы берилет.

3. «Сүрөтчүлөр» тобу «Манас жана анын чоролору» деген темада сүрөттөрдү тартышат, (үйгө берилген тапшырма боюнча) жакташат.

4. «Өнөрпоздор» тобу «Манас» эпосунан бир эпизодду аткарышат. Даярдануу үчүн 5 мүнөт убакыт берилет.

Топтор тапшырмаларды төмөнкүдөй айтып, жактап, аткарып берүүгө аракеттенишкен.

1. «Билим» тобу ватманга кластер түзүшкөн. Ак мөңгүлүү Ала-Тоо, ал – Манас, кыргыздын чеби.

Ала-Тоо үстүндө 2 бүркүт. Алар-Чубак, Сыргак. Илбирс да тартылган. Ал – Алманбет. Ала-Тоонун чокуларына булуттар. Алар Кыргылчал баштаган кырк чоро: Ажыбай, Ырчуул, Бозуул, Чалыбай, Акжолтой, Байчоро, Музбурчак, Кутунай, Төлөк, Сарытаз, Шууту, Күлдүр, Камбар, Тазбаймат, Акаяр, Агыш, Акжайнак, Серек жана башкалар.

Топтун мүчөлөрү ар биринин эң негизги касиетин, мисалы, өзү чыканактай эр Агыш түктүү таман Түкүбайды жыгып салышы, же тоо көтөргөн Акаяр, жетимиш түрдүү тил билген Ажыбай деген сыяктуу мисалдар менен Манас, анын чоролорунун образдарын ачышты.

2. «Акыл» тобу Манас, анын чоролорунун мүнөздөрүнүн окшоштуктарын, айырмачылыктарын ватманга Венндин диаграммасы менен түшүндүрүп беришти.

а) Баатырлардын айырмачылыктарын изилдешкен.

Мисалы, Алманбеттин трагедиялуу баатыр экендиги, акыл, өнөр жактан Манастан жогору тургандыгын, Сыргактын чоролордун эң жакшы болгонуна карабай тайманбас, өжөр баатырдыгы, сакадай бою менен айырмаландыгын.

б) окшоштуктары, баатырлардын максаттарынын бир экендиги, элди, жерди коргоо, Мекенге ак кызмат өтөө болгондугун далилдешти.

3. «Чечендер» тобунун окуучулары көркөм сөз каражаттары менен Манас,анын чоролорун мүнөздөштү.

(Көркөм, жатка айтуусу башында эскертилген) Мисалы, Манастын эпосто сүрөттөлүшү:

“Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Асман менен Жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй”,

же Чубактын Манаска берген баасы:

«Мунун аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы.
Жол башчым Манас,
Кол башчым Алманбет турганда.
Калмактан корксом,

Мени кудай урбайбы!» -

деген сыяктуу эпизоддорду алым-сабак түрүндө айта беришет.

4) Сүрөтчүлөр Манастын жана чоролордун образдарын сүрөттө чагылдырышкан. Аны «Көкөтөйдүн ашында» деп атап коюшкан.Анда Манас менен Коңурбайдын сайышы,

Ырчуулдун аш жөнүндө ырдап жаткандыгы, Эр Агыш менен Түкүбайдын күрөшүүсү, күлүктөрдүн чабылышы жана башка эпизоддор камтылган. Сүрөттү окуучулар бири-бирине байланышта баяндашты. Өзгөчө Коңурбай менен Манастын сайышында Коңурбайдын жеңилиши, келин болуп жүгүнүп, Алгараны тартуулап турганы, Алманбеттин экөөнө жетпей калып: « колго түшкөн коенду, кое берген оңобу?» -деп жатканы ишенимдүү тартылган. Мындан тышкары сүрөтчүлөр тобу Манастын:

«Бирөөнүн тону тон болбойт,
«Бирөөнүн аты ат болбойт»,-деген

сөздөр менен Манастын душманына да кара ниеттиги жок экендигин ишенимдүү жеткирип бере алышты.

5) «Өнөр» тобунун окуучулары Алманбет менен Чубактын чатагын сценка кылып даярдашкан.

Катышуучулар: Манас, Алманбет, Сыргак, Чубак, Бакай.

Сценканын акырында Бакай карыя:

«Бөлүнсөң, бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз,-деп
Бөлөк элге кеп кетет
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң, акыл нак ушу».

Баары чогуу:

«Бириксек бир түп чынарбыз,
Миң жылдап дагы көктөсөк.
Бөлүнсөк көкжал бөрү эмес,
Бөлтүрүк, чөө жеп кетет.
Балдары начар дедирбей,
Уруум да кыргыз деп,
Улутум да кыргыз деп,
Жүрөлүчү бөлүнбөй.

(Б.Сарногоев).

6) Мугалим сөз алат. Берилген тапшырмаларга топтор кандай деңгээлде жооп бергендиги, активдүүлүктөрүн айтып, ар бир топтун өкүлдөрүнүн өздөрүнөн башка топтор жөнүндөгү пикирлерин, сунуштарын угат, баалайт.

7). Тапшырма берилет.

«Манас жана анын чоролору»деген темада дилбаян жазуу.

**Мугалим окуучуларга:**

Ата Мекенди тышкы жоодон сактап калуу үчүн, башка элге көз каранды болбоо үчүн Манас кара башын сайып койгон.

Ушул максатта ал өз айланасына чоролорду тегине, уруусуна, туугандыгына карабай, биринчи иретте, адамгерчилигине, акыйкаттыгына, ишмердигине, баатырдыгына, Ата Журтка кылган ак кызматына жараша топтогон. Ошондуктан айланасындагылар да Манастын акыйкат, айкөл, душмандан тайманбас, өлүмдөн коркпос баатырдыгын кадырлашкан.

Бүгүнкү күндө биздин эл, биздин өлкө ар кандай кырдаалдарга туш болгондо, кыргыздын чыгаан жигиттери өз жерин коргоого дайыма даярдыгын акыркы Баткендеги окуялар тастыктап жатат.

Дилбаян жазууда Манастын мисалын чагылдыруу менен учурдун патриот баатырлары болгон, спортсмендердин, чыгармачыл жаштардын кино жаатындагы

жетишкендиктерин, пандемия убагындагы элдин бири бирине болгон камкордугу, Мекенге болгон сүйүүнү алардын образын Манастын чоролоруна салыштыруу аркылуу көрсөтүүлөрүн эскертүүгө аракет кылгыла.

*Өтүлгөн сабак боюнча окуучулардын билимдери бааланат.*

*Сабак жыйынтыкталат.*

Мурзалиева З.К.,
КББАнын Тарбия, социалдаштыруу, жана мектептен сырткары билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, п.и.к